**Психологиянын жалпы жана колдомо дисциплиналар кафедрасы жөнүндө маалымат**

Учурда кафедра эки багыт боюнча адистерди даярдайт: 530300 «Психология» бакалавр жана магистратура.

**Бакалавр:** практик психолог адисти боюнча.

**Магистратура:** «Билим берүү психологиясы»; «Башкаруу психологиясы»; «Аскер психологиясы»; «Педагогикалык психология жана атайын билим берүү».

Кыргызстанда 1986-жыл психологиянын өз алдынча илим катары өнүгүү мезгили деп аныкталып, ошол жылдан тартып жогорку окуу жайларда өз алдынча психология кафедралары түзүлүп, психология илиминин теориялык жана практикалык өнүгүүсүнө шарт түзүлгөн.

Ушунун артында В.В. Маяковский атындагы педагогикалык кыргыз кыз-келиндер институтунда да1986-жылы алгачкы өз алдынча психология кафедрасы түзүлүп (приказ № 11 от 3 – 0286) аны, аталган жылдан баштап психология илиминин кандидаты Ж. Жумалиева жетектеген. Республикада психологдордун билимин өркүндөтүү боюнча программа иштелип чыгып, анын негизинде психология адистиги боюнча илимпоз окумуштууларды даярдоо максаты белгиленет.

1986-жылы (буйрук №11; 3. 02. 86-ж.) ачылган психология кафедрасында тажрыйбалуу окумуштуулар, педагогика илиминин кандидаттары, доцент Ш. Жанузаков, А.Ы. Ысыкеев ж.б. окумштуулар психология илиминин кандидаты К.Н. Кененбаева, И.В. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин психология факультетин бүтүргөн окутуучу Б.С. Садырова, окутуучулар А. Бекбаева, З.Г. Насырова, С. Бараканова эмгектенишкен.

***Психология кафедрасында***:

1. Илимий практикалык деңгээлде лекцияларды даярдап, аны окутуунун методикасына өзгөчө көңүл буруу милдети белгиленген.

2. Жаш окутуучулардын билимин өркүндөтүү максатында Россиядагы окуу жайларда билим алуусун камсыз кылуу максатында билим берүү министирлигинен жолдомо алынган.

3. Психология боюнча студенттерге терең билим берүү максатында кафедрада атайын психологиялык адабияттарды топтоо белгиленип, психолог окумуштуулар В.Я. Ляудис «Методика преподавания психологии», С.И. Гершун «Методологические принципы и методы психологии», С.Л. Рубинштейн «Основы общей психологии» ж.б. психология боюнча көптөгөн зарыл окуу китептер топтолгон.

Кафедрада жалпы психологиядан программалык талапка ылайык лекциялардын текстти 1990-жылы басмага даярдалган, бирок кафедра кайра түзүлбөй басмадан чыккан эмес. Кафедранын мүчөлөрү окуу методикалык көрсөтмөлөрүн иштеп чыгышкан: Ж. Жумалиева «Темы курсовых работ по возрастной и педагогической психологии» (1990), А.Ы. Ысыкеев «Психологиеские особенности самостоятельной работы студентов в период педагогической практики» (1990), К.Н. Кененбаева «Мугалимдин кесипке даярдоонун психологиялык негизи» (1990).

Аталган методикалык көрсөтмөлөрдү даярдоодо жана өз алдынча иштеп баштаган психология кафедрасында жаш окутуучулардын ишин илимий практикалык багытта жөнгө салууда психология кафедрасынын көрүнүктүү окумуштуусу А.Ы. Ысыкеев насаатчы катары кеңеш берген. А.Ы. Ысыкеев 1978-жылдан баштап В.В. Маяковский атындагы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунда иштеп баштаган. Жогоруда аталган окуу методикалык көрсөтмөлөрдөн башка Ж. Жумалиева, М.Р. Рахимова менен бирдикте «Наристе» аттуу окуу куралын 1989-жылы түзгөн. Окуу куралы бала-бакчасында тарбиячыларга сунушталган.

1990-жылы психология кафедрасынын мүчөлөрү «Педвуз-школа» системасында Фрунзе шаарында №64, 67, 69 мектептеринде окуу тарбия иштеринде жогорку класстын окуучуларын психологиялык изилдөөнүн зарылчылыгын белгилешкен. Анын жыйынтыгы республикалык илимий конференцияда белгиленген. Кафедрада жаш окутуучуларды адис психологдорду дярдоо максатында элге билим берүү министирлигинин жолдомосу менен 1988-жылы З.Г. Насырова Москвада илимдер академиясында 1 жылга стажировкадан өтүп, «Общение в семье – фактор формирования эмпатических чувств у детей младшего дошкольнего возраста» деген темада илимий ишин жазган, бирок 1991-жылы кафедра мектепке чейинки тарбиялоо кафедрасына кошулуп, мунун негизинде З.Г. Насырова илимий ишин жактаганга мүмкүнчүлүк болгон эмес.

1990-жылы кафедранын мучөлөрү А. Ысыкеев, Ж. Жумалиева. Б.С. Садырова, З.Г. Насырова иштеп чыккан методикалык колдонмолор кафедранын жоюлушуна байланыштуу жарыяланган жок.

Ректор Ж.С. Татыбекова түзүп кеткен кафедраны, экинчи ректор бузуп кеткендей болду. Кафедранын реорганизация болушунун себеби: жетекчинин кафедранын ишин баалап, түшүнө билүүнүн жетишсиздиги; экинчиден, кафедрадагы социалдык-психологиялык климатты баалап, сактоодо жетекчинин стилинин өзгөчөлүгү.

Психология кафедрасынын тарыхы, психология илиминин өнүгүүсү институттун тарыхы менен байланыштуу. Мурдагы В.В. Маяковский

атындагы кыз-келиндер педагогикалык институту И. Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик педагогикалык университет болгонуна байланыштуу реорганизациянын натыйжасында педагогика жана психология кафедрасы биригип, психологиялык-педагогикалык дисциплиналар кафедрасы аталып (1992-жыл), аны профессор М.Р. Рахимова жетектеген.

1994-жылы психология кафедрасы экинчи жолу түзүлүп, (буйрук №81. 18.05.94-ж.), 1995 – жылы 4 сентябрь (приказ 132, 16.08.95) университеттин түзүмүндөгү өзгөрүүлөргө байланыштуу жоюлган. Кафедранын мүчөлөрү психологиялык-педагогикалык дисциплиналар кафедрасында приказдын негизинде которулган. Кыска мөөнөттө иштеген кафедраны Дж.Джумалиева жетектеген. 1994-жылы түзүлгөн кафедрада педагогика илиминин кандидаты, доцент Ш.Дж. Джанузаков, педагогика илиминин кандидаты, доцент А.Ы. Ысыкеев, окутуучулар адис-психолог Б.С. Садырова, адис-психолог К.М. Кожогелдиева ж.б. окутуучулар жана лаборант Д.М. Раева иштешкен. К.М. Кожогелдиева билим берүү институтунун кайра даярдоо факультетине күндүзгү бөлүмүнөн 1994-жылы бүтүрүп билим берүү мекемелеринин практик-психологу квалификациясындагы дипломун алган. Т.А. Коңурбаев, А.С. Кожогелдиев билим берүү институтунун аталган факультетин бүтүрүп практик-психолог квалификациясына ээ болушкан. Кафедра кыска убакытта кафедранын иш кагаздарын: окуу планын жалпы психология жаш курак психологиясы боюнча лекциялардын план конспектилерин түзүп, «Педвуз-школа» боюнча иш пландарды жана мектеп бала-бакчасы үчүн психологдорду даярдоонун программасы иштелген. Бардык иш кагаздарды, айрыкча лекцияларды түзүп, талдоодо доцент А.Ы. Ысыкеев, Б.С. Садырова, К.М. Кожогелдиева активдүү иштешкен. Бир жыл ичинде психологиянын предмет катары өнүгүшүнө баа берүү менен карап, мазмунунун сапатына маани берүү аныкталды. «Жалпы психология» жана «Курактык психология» педагогдорду даярдоодо өзгөчө маңыздуу экендиги такталды. Ал эми филология факультетинде «Үй бүлө психологиясы» студенттердин келечегине жол салып түшүнүүгө мүмкүндүк берди. Ошону менен катар кафедрада алгачкы жолу адис психологдорду даярдоо жөнүндө ойлор жаралып, план түзүлө баштады. Кафедра мүчөлөрү ойду ишке ашыруу үчүн окуу планын, семестровка, стандарт түзүүгө кадам ташташты.

Психология кафедрасында 1994-1995-жж. бери эмгектенген илимпоз окумуштуулардын кайрадан түзүлгөн кафедрада окуу процессин уюштурууда магистратурада илимий изилдөөнүн багытын аныктоодо чыгармачыл изденүүсү өзгөчө мааниге ээ.

1995-2001-жылдары психологиялык-педагогикалык дисциплиналар кафедрасында иштеген психологдор: педагогика илиминин кандидаты, доцент

А.Ы. Ысыкеев 1968-жылдан 1978-жылга чейин Пржевальск шаарындагы мамлекеттик педагогикалык институтта педагогика жана психология кафедрасын жетектеген, кийин өзүнүн илимий практикалык тажрыйбасын студенттерге психологиядан терең билим берүүгө багыттап, студенттерге психология боюнча кызыктуу лекцияларды окуган жана көптөгөн илимий макалаларды жазып, окуу куралдарын иштеп чыккан.

Дж. Джумалиева психология илиминин кандидаты, доцент (2017-ж. проф.) кыргыз мамлекеттик И. Арабаев атындагы унивеситетте психология илиминин өнүгүүсүнө өз салымын кошкон. Көптөгөн илимий макалаларды, окуу куралдарын иштеп чыгып, өзүнүн аспиранты К.М. Кожогелдиева менен бирдикте психология боюнча окуу программаларды түзүшкөн.

К.М. Кожогелдиева 1994-жылдан баштап квалификацияланган билим берүү мекемелеринин психологу катары жумушчу программалардын мазмунун өзгөртүүгө салымын кошту. Жетекчиси Дж. Джумалиева менен бирдикте адис практик психологдорду чыгарууга болгон окуу планын, психология боюнча билим берүү стандартын иштеп чыгууга аракеттер аталган жылдан эле башташкан. 1997-жылы деффектология факультетинде психология предметтери боюнча сабактарды өтүүдө чоң ийгиликтерге жетти. Бул факультетте «Жалпы жана курактык психология» дисциплинасынан сырткары «Психодиагностика» да окутулуучу. Программага ылайык студенттерди даярдап, жалпы республикалык олимпиадада жеңүүчү болуп аныкталып, сыйлыктарга студенттер да, жетекчи да татыктуу болушкан. Аталган окуу жайдагы окуу процессинин мыктылыгы билинип, студенттердин билим деңгээли республика боюнча алдыда экендиги аныкталды. Мындай ийгилик студенттердин психология илимине болгон кызыгуусун активдештирди.

1995-2001-жж. психологиялык-педагогикалык дисциплиналар кафедрасында иштеген психологдор: п.и.к., доцент А.Ы. Ысыкеев, психол.и.к., доцент Дж. Джумалиева, ага окутуучу Б.С. Садырова, окутуучу Т.А. Коңурбаев, окутуучу К.М. Кожогелдиева өздөрүнүн илимий макалаларын И. Арабаев атындагы КМПУнун жарчысы журналына ж.б. илимий журналдарга жарыялашкан.

1995-1999 жылдары К.М. Кожогелдиева республикада психология боюнча өткөрүлгөн олимпиадага студенттерди эки тилде даярдап, жыйынтыгында И. Арабаев атындагы КМПУнун студенттери командалык жеңүүчү катары аныкталган.

1995-жылы кыргыз тилиндеги команда 1-орунду, орус тилиндеги команда 2-орунду ээлеген. Ал эми 1997-жылдан баштап К.М. Кожогелдиева олимпиададагы студенттерди окуу процессинде системалуу даярдоонун

айрыкча дефектология бөлүмүнүн студенттерин уюштуруп даярдоонун негизинде университетте алдыңкы орунду ээлешкен.

1993-жылы КМПИде Т.А. Коңурбаев биринчи аспирант болгон. 1999-жылы «Формирование ценностных ориентаций у старших дошкольников на основе кыргызских народных традиций» деген темада илимий ишин жактаган. Аталган окуу жайда илимий иштерди жактоо, айрыкча психология адистиги боюнча узак убакытка жана ар кандай кыйынчылыктарга байланыштуу каралат. Мисалы, узак убакыт илимий ишин Дж.Джумалиева 1983-жылы жактаган, Т.А. Коңурбаев 1998-жылы жактаган, К.М. Кожогелдиева 2009-жылы жактаган. КМУда 2016-жылы ачылган илимий ишти жактоо советинде 2017-жылы М.А. Кожогелдиева жактаган.

1997-жылдан баштап И. Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетте «Жаш курак психологиясы», «Жалпы психология» предметтери менен катар «Педагогикалык психология», «Социалдык психология» окуу предмети катары киргизилет. Бул дисциплиналадын окуу программаларын иштеп чыгууда адис катары К.М. Кожогелдиева өз салымын кошкон. Болочок адис педагогдор үчүн бул предметтерден маалымат алуу – компетенттүү кесипке ээ болуу деп аныктоого болот. Психология илиминин дагы бир тармагы болгон «Үй бүлө психологиясы жана этикасы» чет тилдер факультетинин кошумча сабактарынын катарынан орун алган. Психология сабактарынан студенттер түрдүү адамдар менен мамиле түзүүнү, чөйрөнү терең кабыл алууну, жүрүм-турум маданиятын, өзүн жөнгө салууну үйрөнө алышты.

Психолог окумуштуулар психология предметинин ар кандай тармагында лекция окуу менен чектелбесте көптөгөн окуу куралдары, усулдук колдонмолорду, илимий макалаларды жазып чыгарышкан.

2002-жылы И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетинде биринчи жолу психология багытында адистерди даярдоо максатында психология кафедрасы ректор, профессор А.А. Асанкановдун буйругу менен ачылган. Ага ректордун 2002-жылдын 1-июльда №178 буйругу менен психология кафедрасын жетекчилик милдетин убактылуу аткарууга Дж. Джумалиева дайындалган. 2004-жылы КМПУнун окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде 4-февральдагы ректордун 25/5 буйругу менен педагогика жана психология институтунун психология кафедрасынын башчысы болуп Дж. Джумалиева дайындалган. Жаңы ачылган кафедрада: педагогика илиминин кандидаты, доцент А.Ы. Ысыкеев (1930-2011) 2008-жылы доктордук диссертациясын жактаган; психология илиминин кадидаты, доцент Дж. Джумалиева; психология илиминин кандидаты, доцент Т.А. Коңурбаев; ага окутуучу, практик-психолог багыты боюнча адис К.М.

Кожогелдиева 2009-жылы кандидаттык ишин коргогон; ага окутуучу, психология илиминин магистри Б.У. Асаналиева; ага окутуучу, практик-психолог, психология багыты боюнча магистр А.С. Кожогелдиев эмгектенишкен.

Психология кафедрасынын өз алдынча болуусу окутуучулардын активдүүлүгүн жогорулатты. Психология илимий академиялык гана деңгээлде эмес, практикалык багытта да өнүгүүсүнө шарт түзүү үчүн ар бир кафедра мүчөсү эргүү менен даяр болушту. Педагогика жана психология институтунун директору Дж.У.Байсалов колдоо менен өз салымын кошуп турду. Атайын практикалык иш алып баруу үчүн бөлмөлөр даярдалып, тиешелүү учурдун техникалык каражаттары менен камсыз кылынды. Ага улай жаш адис психологдор окутуучулардын катарын көбөйттү.

Биздин өлкөдө адис психологдорду даярдоо боюнча алгач жогрку билимдин негизинде экинчи жогорку билим алуу менен кадрларды кайра даярдоо факультеттери иш алып барышкан. Бул 1993 – жылы Кыргыз билим берүү институтунда уюшулган. Бул жакшы жышаан болчуу, ал максаттуу адис психологдорду даярдоого түрткү боло алды. Демек, СССРде бир учурда бардык он беш республикада практикалык психологиянын мааниси ачыла баштаган учур десе болот.

2003-жылы кабыл алынган студенттерди психология боюнча окуу куралдары жана илимий адабияттар менен иштөөсүнө шарт түзүлгөн. Психологдор Дж. Джумалиева, Т.А. Коңурбаев, К.М. Кожогелдиева адис психологдорду, магистранттарды даярдоо программасын иштеп чыгышып, басып даярдоого активдүү катышкан. Аталган психология илиминин кандидаттары, доценттер даярдаган стандарт жана окуу планы билим берүү жана маданият министирлиги тарабынан бекитилген. Бекитилген окуу пландын негизинде окуу программалары, окуу куралдары, усулдук көрсөтмөлөр басмага даярдалып, жарык көргөн. Бекитилген нормативдик документтердин: стандарт, окуу программа, окуу планынын негизинде адис психологдор 2003-жылы күндүзгү бөлүмгө кабыл алынган. 2003-жылдан 2013-жылдардын аралыгында психология багытында билим берүү адистиги боюнча Дж. Джумалиева жетектеген магистратура бөлүмү иштеген.

2002-жылы жаңы психология кафедрасында окуу процессин жөнгө салып уюштурууда көптөгөн кыйынчылыктар пайда болду. 1. Кафедрада иштелип чыккан программанын, окуу планынын негизинде ар бир факультетте аталган окуу пландын негизинде психология боюнча бөлүнгөн сааттарды тактоодо бир топ мүчүлүштүктөр байкалды, айрыкча жалпы психология боюнча сааттардын кыскартылганы. Айрым факультеттерде психологиялык даярдыгы жок окутуучулардын психология предметин

окутканы. Мындай абалды адис психолог, окутуучу А.С. Кожогелдиев, лаборант А.Ө. Субагожоева контролдоп, такташты.

2. Педагогика жана психология институтунда педагогика факультетинин сырттан окуу бөлүмүнө «психолог» адистиги боюнча кабыл алынган 4-курстун студнттеринин жетекчилердин буйругу менен психология кафедрасына адис катары даярдоо милдети белгиленген. Психология тармагында бир нече предметтерди (ондон ашык) 2003-2004 окуу жылында окутуп, мамлекеттик бүтүрүү экзаменине даярдоо кафедранын мүчөлөрүнөн бир топ эмгекти, изденүүнү, чыдамкайлыкты талап кылды. Мындай кырдаалда философия илиминин доктору, профессор, психолог Э.С. Орозалиев, ага окутуучу, адис-психолог К.М. Кожогелдиева, окутуучулар М. Журина, Гагарина, А.С. Кожогелдиев ж.б. колдоо көрсөтүп, бүтүрүүчүлөргө психологиядан терең билим беришти. Окулган лекциялар, практикалык сааттар акысыз болгонуна карабастан, адам керчилик, психологиялык маанайда болгонуна, ошол кездеги кафедра башчысы катары Дж.Джумалиева терең ыраазычылык билдирип, жылуу маанайда психология илиминин да, студенттердин да кызыкчылыктарын коргоп сактаганга аракет кылды.

3. Жаңы ачылган кафедрада психологиянын окуу планында «Психодиагностика жана консультация», «Анатомия жана физиология» ж.б. предметтер боюнча адистердин жетишсиздиги белгиленген кыйынчылыктар учурунда контролдон өтүп, жөнгө салынды. Муну кафедра мүчөлөрүнүн ынтымактуу мамилеси жана элчилик кызматты аркалаганы деп кабыл алып, түшүндүрсөк болот.

2002-2004 окуу жылдарында кафедранын мүчөлөрү А.Ы. Ысыкеев, Дж. Джумалиева, К.М. Кожогелдиева, Б.У. Асаналиева, А.С. Кожогелдиев мектептерде кесипке багыттоо боюнча, психология адистигинин маанисин, зарылдыгын түшүндүрүү максатында бүтүрүүчү класстын окуучулары менен жоолугушууларды өткөрүшкөн.

Келечек кесип ээлерин психология адистиги боюнча даярдоодо бул иш чара зарыл болгон.

Кафедрада эң алгач кабыл алынып, окуп жаткан студенттерге кесип ээси деген үмүт менен карап, диспут, конференция өттү.

2003-жылдан баштап психологдор күндүзгү, сырттан окуу контракттык негизде окушкан. 2004-2005-жылдары студенттердин саны 22ге жеткен. Мунун негизинде психология бөлүмү ачылып, бөлүм башчылыгына (2004 ж.) психология илиминин кандидаты, доцент Т.А. Конурбаев дайындалган. Ал эми психология кафедрасынын башчылыгына педагогика илиминин кандидаты М.Ж. Айтикеева дайындалган.

2004-2005-окуу жылында психология кафедрасында жаш окутуучулар Г. Рыспекова, Г. Абдышүкүрова, С. Нурулина, Е. Коптелова, Б. Исабекова, А. Олейников иштей башташты.

2003-жылы КМУнун педагогика жана психология институтунун директору Дж.У. Байсаловдун колдоосу менен кафедрада психология багытында «Билим берүү психологиясы» адистиги боюнча магистратура ачылды.

Педагогика жана психология институтунда ар кандай багытта магистердик программалар болгондуктан, педагогика илиминин кандидаты, доцент С.Н. Пак магистратура башчысы болуп дайындалган.

2004-2005-окуу жылынан баштап «Билим берүү психологиясы» боюнча магистранттардын саны өсүп, аларда магистрдик диссертация даярдоо жана окутуунун сапатын жогорулатуу зарылчылыгы келип чыгат. Мунун негизинде ар бир адистик боюнча жетекчилер дайындалат. Дж. Джумалиева 2004-2013-жылдары «Билим берүү психологиясы» адистиги боюнча магистратураны жетектеген.

2013-2014 окуу жылын  психология кафедрасынын «кайра түзүлүү» мезгили – деп шарттуу түрдө айтсак болот.

Бул окуу жылында кафедра башчылыгына конкурс жарыяланып, конкурсттук негизде педагогика илиминин кандидаты, доцент М.Ж. Айтикееванын ордуна психология илиминин кандидаты, доцент Н.Х. Мураталиева шайланган.

2015-жылы Дж. Джумалиева, Т.А. Конурбаев, К.М. Кожогелдиева Н.Х. Мураталиева Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик үзгүлтүксүз билим берүүнүн психология багыты боюнча мамлекеттик стандарттарын иштеп чыгышкан. «Жогорку кесиптик билим берүүнүн 530300 Психология багыты боюнча ушул Мамлекеттик билим берүү стандарты «Билим берүү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү билим берүү жаатындагы аныктаган тартиптерди, башка ченемдик укуктук актыларына ылайык, Кыргыз республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан иштелип чыккан жана Кыргыз республикасынын Өкмөтү аныктаган тартипте бекитилген» деп белгиленген стандартта. Бул эмгек кафедрада адис психологдорду даярдоодо эки тепкичтүү деңгээлде ишке ашып жаткандыгын көрсөтөт: бакалавр жана магистратура.

Н.Х. Мураталиева кафедра башчысы катары окуу процессин республикалык деңгээлде олимпиада жана эл аралык конференцияларды өткөрүп кафедра мүчөлөрү менен бирдикте иш алып барды.

2013-2014-жылдары кафедра мүчөлөрү тарабынан сергек жашоо образы жана жаштардын репродуктивдүү ден соолугу боюнча иш чараларды жана усулдук колдонмолорду иштеп чыгышты. Өспүрүмдөр менен иш алып баруу боюнча педагогдорго усулдук көргөзмөлөр берилди.

Кафедрада илимий изилдөөлөрдү активдештирүү, орус жана кыргыз тилинде окуу китептеринин басмадан чыгышы, методологиялык көрсөтмөлөрдү жазуу, «Билим берүү психологиясы» боюнча магистратуранын педагогика кафедрасынан бөлүнүп психология кафедрасында ачылышы ийгилик менен коштолду. Анын негизинде кафедрада «Башкаруу психологиясы» багыты боюнча магистратура да ачылды.

Баалоо инструменттерин иштеп чыгууда, студенттердин чыгармачылык активдүүлүк жөндөмдүүлүгүн, атайын билимдин жоктугуна жана кесиптик жүрүм-турум үчүн жалпы кабыл алынган алгоритмдердин жоктугуна байланыштуу жаңы көйгөйлөрдү чечүүгө издөөгө даярдыгын баалоону камсыз кылуу зарыл». Кафедрада «Аскер психологиясы» багытында магистратура ачылып, талапка ылайык шарттар түзүлүп жатты.

Аскер кызматкерлерине кафедра мүчөлөрүнүн илимий-практикалык негизде психологиялык көмөк көрсөтүү жолго коюлган.

2015-жылдан азыркы учурга чейин окутуучу, практик-психологдор чек ара кызматындагылардын моралдык-психологиялык абалдарына диагностика жүргүзүүгө жана аскердик кызматтын шартына адаптациялануууга психологиялык жагдайларды изилдөөгө багытталган психологиялык кызматтар көрсөтүлөт. Оор жагдайларда жабыркагандарга жана физикалык кызмат көрсөткөндөргө түрдүү профилактикалык жана коррекциялык методдорду колдонуу менен психологиялык жардам берилет.

2015-жылы кафедрада «Билим берүү психологиясы» багыты боюнча магистратуранын психология кафедрасында ачылышына (педагогикалык факультеттен которулган) байланыштуу магистранттардын илимий изилдөөлөрү активдешти. Психология кафедрасында «Аскер психологиясы», «Башкаруу психологиясы» багыты боюнча магистранттар кабыл алынган.

2015-окуу жылдан баштап психология кафедрасында окутуучулар Камчыбек уулу Эрнест, О.И. Кравченко, В.В. Манаковский, А. Шеримбекова, М. Иманкулова, Б. Рахманбердиева иштей башташты. Бул түзүм 2018-жылы дагы жаш окутуучулар менен толукталды К. Кожобекова, С. Шамузова, А.С. Абибова иштей башташты. Психологиялык атайын билими бар окутуучулар келечекте психология боюнча илимий изилдөөлөрдү өткөрүп, Кыргызстанда психология илиминин өнүгүүсүнө салым кошо алат.

2017-жылы кафедра унутта калган студенттик олимпиаданы жогорку окуу жайлар арасында кайрадан жандандырып, психология илимине болгон

кызыгууну күчөттү. Бул олимпиада жыл сайын эстафета катары окуу жайларда кезеги менен өтүп турат.

Психология илиминин өнүгүүсөндө 2002-2022-окуу жылында, б.а. 20 жылдын аралыгында психология кафедрасында негизинен психология илиминин кандидаттарынын илимий-практикалык иши, окуу китептеринин басмадан чыгышы өзгөчө мааниге ээ.

Кафедрада 6 психология илиминин кандидаттары, доценттер, 1 психология адистиги боюнча профессор, 5 ага окутуучу, 6 окутуучу эмгектенүүдө.